ЧЫГЫШ ТААНУУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ

ВОПРОСЫ ВОСТОКОВЕДЕНИЯ

ISSUES OF ORIENTAL STUDIES

**e-ISSN: 1694-8653**
№1/2026, 212-224

**УДК:**
**DOI:** 10.52754/16948653_2026_1_20

# МАРОККО КОРОЛДУГУНУН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА САЯСИЙ ӨНҮГҮҮСҮ

СОЦИАЛЬНО-ЭКОНОМИЧЕСКОЕ И ПОЛИТИЧЕСКОЕ РАЗВИТИЕ КОРОЛЕВСТВА МАРОККО

SOCIAL, ECONOMIC, AND POLITICAL DEVELOPMENT OF THE KINGDOM OF MOROCCO

**Үсөн уулу Кутманали**
*Үсөн уулу Кутманали*
*Uson uulu Kutmanali*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Masters Student, Osh State University*

# МАРОККО КОРОЛДУГУНУН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА САЯСИЙ ӨНҮГҮҮСҮ

**Аннотация**

Бул макалада Марокко Королдугунун саясий структуралары, социалдык өнүгүүсү, экономикалык мүмкүнчүлүктөрү жана көйгөйлөрү терең талданып, өлкөнүн келечектеги өнүгүү жолдоруна аналитикалык баа берилди. Макала тарыхый контексттен баштап, азыркы учурга чейин өлкөнүн социалдык-экономикалык жана саясий абалынын өзгөрүүлөрүн баяндоону көздөйт. Бул макала Марокконун өнүгүүсүнүн аймактык жана глобалдык маанисин ачып берүү максатында жазылган. Африкадагы жана Түндүк Африкадагы региондук интеграция, Европа жана башка эл аралык карым-катнаштар аркылуу өлкөнүн стратегиялык ролу талданды. Киришүү бөлүгүндө макаланын максаты жана актуалдуулугу көрсөтүлүп, Марокко Королдугунун тарыхый жана азыркы өнүгүүсүн түшүнүү үчүн керектүү негизди берип, андан кийинки бөлүктөрдө саясий, социалдык жана экономикалык аспектилерди тереңирээк талдоого алынды.

***Ачкыч сөздөр:*** Марокко Королдугу, социалдык өнүгүү, геосаясат, экономика, билим берүү, саламаттык сактоо, корупция

***СОЦИАЛЬНО-ЭКОНОМИЧЕСКОЕ И ПОЛИТИЧЕСКОЕ РАЗВИТИЕ КОРОЛЕВСТВА МАРОККО***

**Аннотация**

В данной статье проведён углублённый анализ политических структур Королевства Марокко, его социального развития, экономических возможностей и существующих проблем, а также дана аналитическая оценка перспектив дальнейшего развития страны. Статья охватывает период от исторического контекста до современности, отражая изменения в социально-экономическом и политическом состоянии государства. Работа направлена на раскрытие регионального и глобального значения развития Марокко. Проанализирована стратегическая роль страны в контексте африканской и североафриканской региональной интеграции, а также во взаимодействии с Европой и другими международными партнёрами. Во введении обозначены цель и актуальность исследования, создана необходимая основа для понимания исторического и современного развития Королевства Марокко, после чего в последующих разделах более подробно рассматриваются политические, социальные и экономические аспекты..

***Ключевые слова:*** Королевство Марокко, социальное развитие, геополитика, экономика, образование, здравоохранение, коррупция

***SOCIAL, ECONOMIC, AND POLITICAL DEVELOPMENT OF THE KINGDOM OF MOROCCO***

**Abstract**

This article provides an in-depth analysis of the political structures of the Kingdom of Morocco, its social development, economic opportunities, and existing challenges, as well as an analytical assessment of the prospects for the country’s further development. The article covers the period from historical context to the present, reflecting changes in the socio-economic and political conditions of the state. The work aims to reveal the regional and global significance of Morocco’s development. The country’s strategic role is analyzed in the context of African and North African regional integration, as well as its interactions with Europe and other international partners. The introduction outlines the purpose and relevance of the study, providing the necessary foundation for understanding the historical and contemporary development of the Kingdom of Morocco, after which subsequent sections examine political, social, and economic aspects in more detail.

***Keywords:*** Kingdom of Morocco, ocial development, geopolitics, economy, education, healthcare, corruption

**Киришүү**

Жер ортолук деңизин жана Атлантика океанын өз чулгоосуна алып, чыгыш тарабынан Алжир өлкөсү, түштүктөн Батыш Сахара менен чектешип, Африка менен Европа өлкөлөрүн ортосундагы стратегиялык орду менен белгилүү, Түндүк Африкада жайгашкан мамлекет - Марокко Королдугу. Падышасы – Мухаммед VI. Бул мамлекеттин тарыхы көптөгөн цивилизациялардын, колониялык таасирлердин жана улуттук өзгөчөлүктөрдүн айкалышы менен айырмаланып, жалпы аянты 710, 850 км$^2$ түзүп, калкынын саны болжол менен 37 миллиондон ашык. Борбору – Рабат шаары, ал эми ири соода борбору болуп - Касабланка, маданий борбору- Фес шаарлары. Бул аймак эки дүйнө бөлүгүнүн ортосунда көпүрө функциясын аткарып, соода, тарыхый жана учурдагы саясий-экономикалык абалына чоң роль ойнойт.

Марокко социалдык-экономикалык жана саясий жактан уникалдуу өнүгүү жолун тандап, акыркы ондогон жылдарда конституциялык реформаларды кабыл алып, демократиялык институттарды чыңдоого аракет кылды. Ал тургай колониялык доордон калган социалдык жана экономикалык кыйынчылыктарга карабастан, өлкө туруктуу өнүгүү жолун улантып келүүдө. Социалдык сектордо билим берүү жана саламаттык сактоо системасын өнүктүрүү боюнча олуттуу кадамдар жасалды, ал эми экономикалык тармактарда туризм, айыл чарба жана өнөр жай активдүү өнүгүүдө (Пономаренко ж.б., 2013).

Марокко Королдугу - конституциялык монархиялык башкаруу, анда падыша менен өкмөт болуп эки бийликке бөлүнөт. Король — Мароккодогу мамлекет башчысы. Падыша кеңири ыйгарым укуктарга ээ жана өлкөнүн биримдигинин жана туруктуулугунун символу андан сырткары, тышкы саясатында да маанилүү роль ойнойт. Ал эми премьер-министрди жана башка жогорку кызматтагы адамдарды дайындайт жана куралдуу күчтөрдүн башкы командачысы. Марокко өкмөтү аткаруучу бийлик болуп саналат жана аны премьер-министр жетектейт. Өкмөт башчысын падыша дайындайт, бирок дайындоону парламент бекитип берет.

Марокко парламенти эки палатадан турат: Төмөнкү палата – Өкүлдөр палатасы анда 395 мүчөсү бар, ал түздөн-түз жалпы шайлоо укугу менен беш жылдык мөөнөткө шайланат. Жогорку палата – Кеңешчилер палатасы анда 120 мүчөсү бар жаңы Конституцияга ылайык, кыйыр шайлоо аркылуу (аймактардан, бирикмелерден жана профсоюздардан) алты жылдык мөөнөт менен шайланат.

Марокконун сот системасы аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийликтеринен көз карандысыз, эң жогорку сотторду Падыша дайындайт.

Анын курамына:

А) Жалпы юрисдикциядагы соттор;

Б) Апелляциялык инстанциялар;

В) Жогорку соттор;

Өлкөнүн аймагы провинцияларга жана префектураларга бөлүнгөн, алар 12 аймакка бириктирилген, алардын бири толугу менен, экинчиси жарым-жартылай Батыш Сахаранын талаштуу аймагында жайгашкан. Региондордун жергиликтүү өз алдынча башкарууга жана өнүктүрүүгө жооптуу, өз алдынча башкаруу органдары да иш алып барат (Пономаренко и др., 2020, С. 240).

**Актуалдуулугу:** Марокко Королдугу көп партиялуу системага ээ, ал конституциялык монархия, парламенттик система жана демократиялык институттардын жыйындысы болуп

эсептелет. Өлкө падышасы саясий экономикалык жашоодо негизги ролду ойнойт, бирок акыркы жылдары парламенттик демократиянын күчөшү жана саясий партиялардын таасири менен мүнөздөлүүдө.

Саясий жактан караганда, колониялык доордо падышалык башкаруунун ролу чектелип, көпчүлүк саясий чечимдер Европа өлкөлөрү тарабынан кабыл алынып келген. Бул тарыхый тажрыйба өлкөнүн демократиялык институттарынын өнүгүшүнө терс таасирин берет. Бирок өлкө падышасы саясий күчтү топтоп конституциялык реформаларды ишке ашыруу менен парламенттин ролун кеңейтүүгө аракет кылган. Натыйжада, Марокко өлкөсүндө конституциялык монархия катары туруктуу саясий система негизги ролду ойногону менен, падышалык институттардын таасири ошол бойдон калууда.

Марокко тарыхы – өзүнүн көп кылымдык цивилизациялардын, колониялык үстөмдүктүн жана улуттук өзгөчөлүктүн айкалышы менен айырмаланып, жергиликтүү берберлер, арабдар жана башка көп улуттуу калктын маданий жана экономикалык жактан өнүкөн. XX кылымдын башында бул Европа өлкөлөрүндөгү Франция менен Испаниянын колониясы болгон. 1912-жылы Франция Марокко королдугунун көп бөлүгүн башкарып, ал эми Испания мамлекетти түндүк жана түштүк аймакттарын көзөмөлгө алып турган. Бул колониялык доор өлкөнүн саясий структурасына, экономикасына жана коомдук түзүлүшүнө олуттуу таасирин тийгизген.

Колониялык башкаруу учурунда Марокко экономикасы негизинен колонизаторлордун кызыкчылыгына багытталган. Айыл чарба продукциялары, атап айтканда пахта жана мөмө-жемиш, Европа рынокторуна экспорттолгон. Бул учурларда жергиликтүү калктын социалдык абалы кыйын болгон, билим берүү жана саламаттык сактоо системалары өнүкпөгөн. Ошондой эле, колонизаторлор саясий башкарууну топтоо үчүн жергиликтүү падышалык институттарды чектеп, аймактар аралык теңсиздикти күчөтүшкөн (Куделев, 2017).

1950-жылдардын ортосунда Марокко улуттук көз карандысыздык үчүн активдүү күрөш уюштурган. Улуттук кыймылдар, интеллектуалдык топтор жана жаштар ассоциациялары колониялык башкарууга каршы чыгышып, анын натыйжасында 1956-жылы Марокко толук эгемендүүлүккө жетишкен. Көз карандысыздыкка жеткенден кийин жүргүзүлгөн саясий, социалдык жана экономикалык өзгөрүүлөр өлкөнүн келечектеги өнүгүүсүнө негиз түзө алды (Степанова, 2015, С. 135–144).

Көз карансыздыкты алуу Марокко үчүн жаңы саясий парадигма ачылды: падышалык башкаруу системасы сакталып, бирок демократиялык институттардын өнүгүүсү күчөдү. Бул мезгилден баштап өлкөдө мамлекеттик структуралар жана мыйзамдуу башкаруу жолдору түзүлүп, ички жана тышкы саясат башкаруу системасы өз ордуна түшүп иштей баштады. Ошондой эле, колониялык доордон калган экономикалык жана социалдык көйгөйлөр, мисалы, аймактар аралык теңсиздик жана билим берүү мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелиши, келечектеги реформалар үчүн маанилүү старттык пункт болуп калды.

Мамлекеттин бүгүнкү социалдык жана саясий структурасын түшүнүү үчүн маанилүү фактор катары Франция менен Испаниянын колониялык башкаруу учурунда түзүлгөн институттар, экономикалык жана коомдук бөлүштүрүүлөр азыркы абалына түздөн-түз таасир берген. Ошол мезгилдеги экономикалык саясат жергиликтүү калктын турмуш деңгээлин төмөндөтүп, аймактар аралык теңсиздикти күчөткөн. Айрыкча айыл жергесинде инфраструктуранын жетишсиздиги, билим берүү жана саламаттык сактоо системаларынын өнүкпөгөндүгү, азыркы социалдык саясаттын негизги көйгөйлөрүнүн бири болуп калган. Ошол доордогу өнүккөн аймактар менен өнүкпөгөн аймактар ортосундагы экономикалык

жана социалдык айырмачылыктар бүгүнкү күнгө чейин сакталып келүүдө. Анын ичинен Касабланка жана Рабат ири шаарлары экономикалык жактан күчтүү болуп, ал эми айыл жерлеринде жашоо деңгээли төмөн жана социалдык мүмкүнчүлүктөрү чектелген.

Колониялык доордо түзүлгөн мыйзамдар, башкаруу структуралары жана эл аралык келшимдер азыркы сайсий процесстерге таасирин берип келүүдө. Мисалы, аймактык автономия жана жергиликтүү башкаруунун механизмдери ошол мезгилден бери өнүгүп келе жатат, бирок айрым учурларда бюрократия жана коррупция көйгөйлөрү менен коштолгон (Куделев, 2017).

**Саясий өнүгүү:**

Конституциялык монархия: падыша жана парламенттин ролу:

Марокко Королдугу – Африка континентиндеги сейрек кездешүүчү конституциялык монархиялардын бири. Бул башкаруу формасы өлкөнүн тарыхый жана маданий өзгөчөлүктөрүнө негизделген. Падышалык институт Марокконун коомдук аң-сезиминде ыйык жана тарыхый мааниге ээ болуп, мамлекеттүүлүктүн символу катары каралат. Падыша өлкөнүн биримдигин сактоочу, саясий туруктуулукту камсыздоочу жана элдин биримдигин бекемдөөчү фигура болуп саналат.

Марокконун азыркы конституциясы 2011-жылы кабыл алынган. Бул документ «Араб жазы» деп аталган аймактык саясий өзгөрүүлөр учурунда иштелип чыккан жана падышалык бийлик менен эл өкүлчүлүгүнүн ортосундагы тең салмактуулукту бекемдөөгө багытталган. Конституция боюнча, падыша мамлекет башчысы, куралдуу күчтөрдүн жогорку башкы командачысы жана дин лидеринин ролун аткарат. Ал өкмөт башчысын дайындоо, министрлерди бекитүү жана мамлекеттин тышкы саясатын жүргүзүү укугуна ээ.

Ошол эле учурда, парламент жана өкмөт мамлекеттин мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу бийлигинин негизги институттары болуп саналат. Парламент эки палатадан турат:

Эл өкүлдөр палатасы (түз шайлоо жолу менен шайланат)

Кеңешчилер палатасы (аймактык жана кесиптик өкүлчүлүктөр аркылуу).

Парламент мыйзамдарды кабыл алуу, өкмөттүн ишин көзөмөлдөө жана бюджеттик саясатты бекитүү функцияларын аткарат. Соңку жылдары падыша тарабынан жүргүзүлгөн реформалар өлкөдө саясий модернизацияга жол ачты. Конституциялык өзгөрүүлөр жергиликтүү өз алдынча башкарууну күчөтүү, адам укуктарын коргоо жана аялдардын коомдук турмушка активдүү катышуусуна өбөлгө түздү. Ошондой эле, парламенттин жана өкмөттүн жоопкерчилиги акырындык менен күчөп, мыйзам чыгаруучу орган реалдуу түрдө коомдук саясий турмушка таасирин бере баштады (Пономаренко ж.б., 2020, С. 240).

Саясий партиялар жана шайлоо системасы:

Марокко Королдугундагы саясий партиялар өлкөнүн коомдук жана саясий турмушунун ажырагыс бир бөлүгү. Падышалык башкаруу системасы сакталып турса да, саясий партиялардын ролу акыркы он жылда кыйла күчөп, элдин саясий активдүүлүгүн арттырууга өбөлгө түзө алды. 1956-жылы көз карандысыздыктан кийин Мароккодогу партиялык система улуттук кыймылдардын негизинде калыптанып, анын негизги максаты – колониялык мурастан арылуу жана улуттук мамлекеттүүлүктү бекемдөө болгон.

Бүгүнкү күндө Мароккодо ондогон партиялар ишмердүүлүгүн жүргүзөт, анын ичинен негизги саясий күчтөр катары «Адилеттик жана өнүгүү партиясы» (Parti de la Justice et du Développement — PJD), «Элдик кыймыл партиясы», «Улуттук көз караш партиясы», «Автономия жана демократия партиясы» болуп эсептелип, алардын айырмачылыгы – идеологияны жогору коюу: айрымдары исламчыл-демократиялык багытты карманса,

башкалары либералдык же улутчул платформаларды колдойт. Ошентсе да, алардын көпчүлүгү падышалык башкарууну улуттук биримдиктин негизи катары кабыл алышат жана мамлекеттик саясатты радикалдуу өзгөртүүгө умтулушпайт (Куделев, 2017).

Марокконун шайлоо системасы тең өлчөмдүк (пропорция) негизде иштейт, башкача айтканда, парламенттик орундар партиялар алган добуштардын пайыздык көрсөткүчүнө жараша бөлүштүрүлөт. Бул система көп партиялуулукту сактап, саясий плюрализмди камсыз кылууга жардам берет. Шайлоо процесси эл аралык стандарттарга ылайык уюштурулуп, ар бир аймакта шайлоо комиссиялары көзөмөл жүргүзөт. Бирок, эл аралык байкоочулар белгилегендей, айрым учурларда административдик ресурстардын колдонулушу жана шайлоочулардын активдүүлүгүнүн төмөндүгү маселеси болуп келет.

Шайлоо системасы аркылуу коомдук пикирди чагылдыруу аракеттери барган сайын күчөп жатат. Акыркы жылдарда аялдардын жана жаштардын парламентке катышуусу үчүн атайын квоталар киргизилген. Бул реформа Марокконун демократиялык өнүгүүсүндө маанилүү кадам болуп, жарандык коомдун активдүүлүгүн арттырууда.

Марокконун саясий партиялар системасы жана шайлоо механизми өлкөнүн демократиялык институттарынын өнүгүшүнө өбөлгө түзүп, эл менен бийликтин ортосунда байланыш ролун аткарууда. Бирок партиялардын чыныгы саясий таасирин жогорулатуу үчүн ички реформа, лидерлик маданиятын жаңылоо жана коомдук ишенимди калыбына келтирүү зарыл. Бул факторлор өлкөнүн келечектеги саясий туруктуулугунун жана демократиялык эволюциясынын негизги кепилдиги болуп саналат (Куделев, 2017).

**Акыркы жылдардагы реформалар жана саясий туруктуулук:**

Марокко Королдугу акыркы он жылдыкта өзүнүн саясий реформаларын өзгөртүүдө демократиялык жаңылануунун активдүү этаптарын басып өттү. Бул өзгөрүүлөрдүн эң маанилүүсү 2011-жылдагы жаңы Конституциянын кабыл алынышы. Ал мезгилде Жакынкы Чыгыш жана Түндүк Африка өлкөлөрүндө кеңири тараган «Араб жазы» кыймылы Мароккого да таасирин тийгизген. Бирок башка өлкөлөрдөй саясий кагылыштарга алып келбестен, падышалык бийлик элдин талаптарын угуп, тынч жана мыйзамдуу жол менен реформаларды ишке ашырып өлкөнүн туруктуулугун сактап калды.

2011-жылдагы Конституциялык реформада Өкмөт башчыны (премьер-министрди) дайындоо эл тарабынан шайланган партиянын өкүлүн сунуштоо киргизилди. Парламенттин укуктары кеңейип, мыйзам чыгаруу жана өкмөттү көзөмөлдөө функциялары күчөтүлдү. Ошондой эле, адам укуктарын жана жарандык эркиндиктерди коргоо боюнча жаңы укуктук механизмдер иштелип чыкты.

Саясий реформалар жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасына да таасир тийгизип, аймакттарга автономия элементтери киргизилип, региондорго экономикалык жана административдик ыйгарым укуктар берилди. Бул реформа өлкөнүн өнүкпөй калган аймактарындагы социалдык-экономикалык абалды жакшыртууга жана борбор менен аймактардын ортосундагы тең салмактуулукту камсыздоого багытталды.

Ошол эле учурда, Марокконун саясий системасында кээ бир көйгөйлөр бүгүнкү күнгө чейин сакталып, партиялардын ишмердүүлүгүндө эффективдүүлүктүн жетишсиздиги, коррупция жана бюрократия маселелери толук чечиле элек. Бирок бул көйгөйлөрдү жеңүү үчүн падышалык жана өкмөт биргелешкен программаларды ишке ашырууда. Мисалы, «Жаңы өнүгүү модели» программасы социалдык теңсиздикти азайтуу жана жаштардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максатында кабыл алынган. Акыркы саясий

реформалар өлкөнү демократиялык жаңылануунун жаңы этабына көтөрдү. Падышалык институт менен эл өкүлчүлүгүнүн ортосундагы тең салмак саясий туруктуулукту камсыздап, өлкөнү Жакынкы Чыгыштагы эң туруктуу мамлекеттердин бирине айлантты. Реформалардын ийгилиги — салттуу институттар менен заманбап башкаруунун гармониясын табуу жана коомдук биримдикти сактоо (Куделев, 2017).

**Өнүгүүнү артка тарткан көйгөйлөр (коррупция, саясий чыр-чатактар)**

Бул өлкө акыркы он жылдыкта экономикалык өсүшкө жана саясий реформаларга жетишсе да, бир катар олуттуу көйгөйлөр өлкөнүн өнүгүүсүн артка тартууда. Алардын ичинен эң негизгилери — коррупция, саясий бюрократия жана аймактык деңгээлдеги чыр-чатактар. Бул факторлор мамлекеттин башкаруу эффективдүүлүгүнө, коомдук ишенимге жана эл аралык абройуна түздөн-түз таасирин берип келет.

Коррупция маселеси так даана байкалганы, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым тармактарында — айрыкча административдик чечимдерди кабыл алуу, тендерлерди өткөрүү жана лицензия берүү сыяктуу. Transparency International уюмунун берген маалыматында Марокко Африкадагы орточо көрсөткүчкө ээ, бирок бул багытта олуттуу реформалар талап кылынууда. Падыша Мухаммед VI өзү да акыркы жылдары коррупцияга каршы күрөштү мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу багыты катары белгилеп, көзөмөл жана отчеттуулук системаларын күчөтүүгө чакырып келет.

Коррупциянын терс таасири социалдык адилетсиздикти күчөтөт жана элдин мамлекеттик институттарга болгон ишенимин азайтат. Айрыкча айыл жергесинде жана кичи шаарларда жарандар мамлекеттик кызматтарга жетүүдө көп учурда бюрократиялык тоскоолдуктарга туш болушат. Мунун натыйжасында калктын саясий активдүүлүгү төмөндөп, шайлоо процесстерине катышуу азаят (Куделев, 2017).

Саясий чыр-чатактар да өлкөнүн өнүгүүсүнө тоскоолдук жараткан факторлордун бири. Ар түрдүү идеологиялык көз караштагы партиялардын ортосундагы ички атаандаштык кээде конструктивдүү эмес мүнөздө өтөт. Айрым партиялар элдик кызыкчылыктан көрө өзүнүн саясий абалын бекемдөөгө умтулушат. Бул болсо парламенттин жана өкмөттүн ишинин эффективдүүлүгүнө терс таасир этет (Солоницкий).

Мындан тышкары, аймактык чыр-чатактар — айрыкча Батыш Сахара маселеси — Марокконун тышкы саясаты менен ички саясий туруктуулугуна олуттуу кысым көрсөтүп келет. Бул аймактагы статус боюнча эл аралык талаштар өлкөнүн ресурстарын жана дипломатиялык күчүн көп талап кылууда. Ошентсе да, Марокко бул маселени тынчтык жолу менен, Бириккен Улуттар Уюмунун алкагындагы диалог аркылуу чечүүгө умтулуп келет.

**Социалдык өнүгүү:**

1. **Билим берүү системасы**

Марокко мамлекетинин социалдык өнүгүүсүнүн негизги багыттарынын бири — билим берүү менен саламаттык сактоо системасын өркүндөтүү болуп саналат. Өлкө көз карандысыздыкка ээ болгондон кийин (1956-жыл), бул эки тармак улуттук иденттүүлүктү сактоо жана социалдык теңчиликке жетишүүдө чечүүчү мааниге ээ болгон. Бирок, жүргүзүлгөн реформаларга карабастан, бүгүнкү күндө да бул тармактарда айрым көйгөйлөр сакталып келе жатат.

Билим берүү системасы үч баскычтан турат: башталгыч, орто жана жогорку билим берүү. Марокконун өкмөтү акыркы он жылдыкта билим берүүнү өнүктүрүүнү улуттук стратегиянын артыкчылыктуу багыты катары аныктаган. Өзгөчө көңүл окутуунун сапатына, мугалимдердин квалификациясын жогорулатууга жана аймактар аралык билим берүү

теңсиздигин жоюуга бурулган. 2015–2030-жылдарга карата «Vision Stratégique de la Réforme de l'Éducation» программасы кабыл алынып, анын негизги максаты — ар бир балага сапаттуу жана жеткиликтүү билим берүү мүмкүнчүлүгүн түзүү болгон.

Билим берүү системасында көйгөйлөр жоюлду дегенден алыс, айыл жерлеринде мектептерде материалдык-техникалык базасынын начардыгы, кадрлардын жетишсиздиги жана билим берүү программаларынын заман талабына жооп бербегени — өлкөнүн билим сапатына түздөн-түз таасирин тийгизет. Мындан тышкары, жогорку билим берүү системасында да иш берүүчүлөрдүн талабына ылайык практикалык көндүмдөрдү калыптандыруу жетишсиз деп эсептелет. Ошого карабастан, акыркы жылдары жогорку окуу жайларында инженердик, маалыматтык технология жана медицина багытындагы программалар кеңири өнүгүүдө.

**2. Саламаттык сактоо системасы**

Саламаттык сактоо системасы да Марокконун социалдык саясатындагы негизги багыттардын бири болуп саналат. Өлкөдө мамлекеттик жана жеке медициналык мекемелер биргелешип иштейт. Мамлекеттик ооруканалар калктын негизги бөлүгүнө кызмат көрсөтсө, жеке сектор көбүнчө орто жана жогорку кирешелүү жарандарга багытталган. Өкмөт «Santé 2025» улуттук программасы аркылуу саламаттык сактоо кызматтарын жеткиликтүү жана сапаттуу кылууну көздөйт.

Ошентсе да, саламаттык сактоо тармагында инфраструктуранын жетишсиздиги, дарыгерлердин айлык акысынын төмөндүгү жана дары-дармек менен камсыздоодогу көйгөйлөр өзгөчө алыскы аймактарда кездешет. Бир катар дарыгерлер чет өлкөгө иштөө үчүн кетип жаткандыктан, кадр жетишсиздиги көйгөйү курч бойдон калууда. Өкмөт бул багытта аймактык медициналык борборлорду көбөйтүүнү жана телемедицина системасын өнүктүрүүнү пландаштырууда (Пономаренко, 2020, С. 240).

**Калктын жашоо деңгээли, жумушсуздук жана социалдык программалар**

Марокко Королдугунун социалдык өнүгүүсүн баалоодо калктын жашоо деңгээли жана жумушсуздук көрсөткүчтөрү негизги социалдык индикаторлор болуп саналат. Өлкөдө калктын көбү жаш, эмгекке жөндөмдүү адамдардан турат. Бул демографиялык өзгөчөлүк бир жагынан өнүгүү потенциалын көрсөтсө, экинчи жагынан жумуш орундарын түзүү маселесин курчутууда.

Расмий маалыматтар боюнча, Мароккодо жумушсуздук деңгээли акыркы жылдары бир аз төмөндөгөнү менен, жаштар жана аялдар арасында ал көрсөткүч жогору бойдон калууда. Айыл жерлеринде калктын негизги бөлүгү айыл чарба тармагында иштейт, бирок бул тармакта эмгек акынын төмөндүгү жана сезондук жумуштун мүнөзү жашоо сапатына терс таасир этет. Шаар жерлеринде болсо кызмат көрсөтүү жана өнөр жай тармактары өнүгүп келе жатканы менен, квалификациялуу жумушчу күчүнө болгон суроо-талапты камсыз кылуу дагы деле көйгөйлүү бойдон калууда.

Калктын жашоо деңгээли аймактар боюнча айырмаланып турат. Ири шаарлар — Касабланка, Рабат жана Марракеш — инфраструктурасы өнүккөн, билим жана саламаттык сактоо кызматтары жеткиликтүү болгон борборлор болуп саналат. Ал эми тоолуу жана чөлдүү аймактарда жашоо шарттары кыйла татаал, таза суу, электр энергиясы жана жол каттамдары жетишсиз. Өкмөт бул теңсиздикти жоюу максатында бир нече мамлекеттик программаларды ишке ашырууда.

2020-жылдан кийин Марокко өкмөтү “Social Protection for All” (Бардык жарандар үчүн социалдык коргоо) демилгесин баштаган. Бул программа аркылуу жакыр үй-бүлөлөргө акчалай жардам көрсөтүү, медициналык камсыздандыруу системасын кеңейтүү жана пенсиондук фонддорду жеткиликтүү кылуу каралган. Ошондой эле жаштар үчүн кесиптик окутуу борборлору жана ишкердикке колдоо программалары түзүлгөн. Бул чаралар эмгек рыногундагы тең салмактуулукту сактоого жана социалдык кедейликтин деңгээлин төмөндөтүүгө багытталган (Пономаренко, 2020, С. 240).

Мындан тышкары, аялдардын экономикалык активдүүлүгүн жогорулатуу да социалдык саясаттын маанилүү багыты болуп саналат. Айыл жерлеринде аялдардын кол өнөрчүлүк жана чакан бизнес аркылуу киреше табуусуна көмөк көрсөтүүчү долбоорлор ишке ашырылууда. Эл аралык уюмдар — Дүйнөлүк банк жана БУУнун өнүгүү программасы (UNDP) — бул багыттагы реформаларды колдоого алып, социалдык теңдикти чыңдоого көмөк көрсөтүүдө.

Өлкөнүн өнүгүү жолундагы багыты — геостратегиялык абалы жана демографиялык потенциалы. Марокко Африка менен Европанын кесилишинде жайгашкандыктан, соода, инвестиция жана миграция үчүн өтө ыңгайлуу позицияга ээ. Өлкөдө калктын 60 пайыздан ашыгы жаштардан туруп, бул эмгек рыногу үчүн чоң мүмкүнчүлүктөрдү жаратат. Мындан тышкары, Марокконун саясий туруктуулугу жана акыркы жылдардагы реформалар чет элдик инвесторлорго ишеним жаратткан. Туризм, айыл чарба жана өнөр жай тармактарынын өсүшү да социалдык өнүгүүнүн позитивдүү факторлору болуп саналат (Пономаренко ж.б., 2013).

**Демографиялык тенденциялар:** Марокконун өнүгүү багытын аныктоодо өзгөчө маанилүү. Өлкө калкы 2025-жылга карата 38 миллиондон ашып, акырындык менен көбөйүүдө. Калктын орточо жашы 30 жашка жакын, бул жаш муундардын басымдуулугун көрсөтөт. Бирок, калктын өсүшү менен бирге ири шаарларга ички миграциянын өсүү деңгээли да жогорулап, бул өз кезегинде турак жай, жумуш орундары жана социалдык кызмат көрсөтүү боюнча кошумча басым жараты.

Марокконун өкмөтү бул тенденцияларды эске алуу менен, жаштар саясатын жана калкты жумуш менен камсыз кылуу программаларын күчөтүүдө. Демографиялык өсүштү экономикалык ресурс катары пайдалануу — мамлекеттин стратегиялык максаттарынын бири болуп эсептелет. Ошол эле учурда, аялдардын эмгек рыногундагы катышуусун жогорулатуу жана калктын сапаттуу билимге жетүүсүн камсыз кылуу демографиялык артыкчылыкты туруктуу өнүгүүгө айландыруунун негизги шарттары болуп саналат.

Марокко Королдугу социалдык өнүгүү жагынан чоң потенциалга ээ. Бирок бул мүмкүнчүлүктөрдү толук пайдалануу үчүн инфраструктураны чыңдоо, аймактар аралык теңсиздикти азайтуу жана демографиялык өсүштү башкаруу багытында туруктуу саясат жүргүзүү зарыл. Калктын жаш курамы жана геосаясий абалы – бул өлкөнүн эң күчтүү жактары болсо, жумушсуздук жана миграция маселелери – негизги чакырыктар бойдон калууда (Солоницкий).

**Социалдык-экономикалык реформалардын зарылдыгы:**

Марокко Королдугунун келечектеги өнүгүүсү социалдык жана экономикалык реформалардын натыйжалуу жүргүзүлүшүнө түздөн-түз байланыштуу. Азыркы учурда өлкөдө экономиканын негизги тармактары — айыл чарба, өнөр жай жана кызмат көрсөтүү секторлору — мамлекеттик саясаттын негизги көңүл борборунда турат. Бирок бул тармактардын потенциалын толук ишке ашыруу үчүн структуралык реформалар зарыл.

Биринчи кезекте, билим берүү жана кесиптик даярдоо системасын эмгек рыногунун талабына ылайыкташтыруу маанилүү. Бул — жаштардын жумушсуздугун кыскартуунун негизги жолу. Ошондой эле чакан жана орто бизнеске мамлекеттик колдоо көрсөтүү, айыл чарбасын технологиялаштыруу жана экспортту диверсификациялоо — экономикалык туруктуулукту камсыз кылуучу факторлор болуп саналат.

Социалдык жактан алганда, жакырчылык менен күрөшүү жана калктын ар кандай катмарларына тең мүмкүнчүлүк түзүү боюнча иштерди күчөтүү зарыл. Аймактар аралык теңсиздикти жоюу үчүн мамлекеттик инвестицияларды провинциялар арасында адилет бөлүштүрүү, инфраструктураны өнүктүрүү жана социалдык кызматтарды жакшыртуу — бул реформалардын ажырагыс бөлүгү.

Демек, Марокконун келечеги — жарандардын билимине, саламаттыгына жана иш менен камсыз болушуна негизделген инклюзивдүү жана узак мөөнөттүү өнүгүү моделин курууда (Солоницкий).

**Саясий жана экономикалык туруктуулукту чыңдоо жолдору:**

Марокко Королдугу Араб жана Африка өлкөлөрүнүн ичинен саясий туруктуулугу менен айырмаланып келет. Бирок глобалдык өзгөрүүлөр жана ички социалдык басымдар бул туруктуулукту сактоо үчүн жаңы ыкмаларды талап кылууда.

Саясий туруктуулукту чыңдоонун негизги жолу — демократиялык институттарды өнүктүрүү жана коомдук катышууну кеңейтүү. Парламенттин, жарандык коом уюмдарынын жана массалык маалымат каражаттарынын ролун жогорулатуу аркылуу мамлекеттик башкаруу системасынын ачыктыгы жана жоопкерчилиги камсыздалат. Ошондой эле коррупцияга каршы күрөшүү жана мыйзам үстөмдүгүн чыңдоо — саясий легитимдүүлүктүн негизги шарты.

Экономикалык туруктуулукту камсыз кылууда мамлекеттик жана жеке сектордун кызматташуусу, эл аралык инвестицияларды тартуу жана ички өндүрүштү өнүктүрүү чоң мааниге ээ. Марокко “Vision 2035” өнүгүү стратегиясынын алкагында туруктуу өнүгүүнүн принциптерин — жашыл экономика, санариптик инновациялар жана социалдык инклюзивдүүлүк — башкы багыт катары тандалып алынган. Бул саясат өлкөнүн узак мөөнөттүү туруктуулугун бекемдөөгө багытталат (Степанова, 2015, С. 135–144).

**Эл аралык интеграция жана туризмди өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү:**

Марокко Королдугу географиялык жактан Африка, Жакынкы Чыгыш жана Европанын ортосундагы стратегиялык көпүрө болуп саналат. Бул абал өлкөгө эл аралык интеграция жана экономикалык өнөктөштүк үчүн чоң мүмкүнчүлүктөрдү жаратат.

Марокко Европалык Биримдик, Африка Биримдиги жана Араб Лигасы менен тыгыз кызматташтыкты жүргүзүүдө. Айрыкча акыркы жылдары инфраструктураны өнүктүрүү, транспорттук байланыштарды кеңейтүү жана соода эркиндигин жогорулатуу багытында бир катар эл аралык келишимдерге кол коюлган. Бул саясат өлкөгө чет элдик инвестициялардын агымын күчөтүп, экспорттук потенциалды кеңейтүүдө.

Туризм — Марокконун экономикасынын эң динамикалуу тармактарынын бири. Тарыхый шаарлар (Марракеш, Фес, Рабат) жана Атлас тоолорунун, Сахара чөлүнүн кооз табияты өлкөгө жыл сайын миллиондогон туристтерди тартат. Өкмөт туруктуу туризм концепциясын ишке ашырып, экологиялык жана маданий туризмди өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурууда.

Келечекте туризмди өнүктүрүүдө негизги багыт — экотуризмди жана ички туризмди стимулдаштыруу, жергиликтүү жамааттардын туризм аркылуу киреше табуусун камсыз

кылуу болуп саналат. Ошондой эле эл аралык интеграцияны тереңдетүү аркылуу Марокко аймактык лидер болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ (Степанова, 2015, С. 135–144).

**Корутунду:** Жалпысынан алганда, Марокко Королдугу — татаал тарыхый жолду басып өткөн, бирок акыркы он жылдыкта туруктуу өнүгүүгө багыт алган мамлекет. Колониялык доордон көз карандысыздыкка жеткен өлкө социалдык, экономикалык жана саясий системаларын жаңылоону баштап, өз алдынча өнүгүү моделин калыптандырууда.

Социалдык өнүгүүнүн негизги багыттары — билим берүү, саламаттык сактоо, калктын жашоо деңгээлин жогорулатуу жана социалдык теңдикти камсыз кылуу. Өкмөт бул тармактарда ар түрдүү реформаларды ишке ашырып, элдин турмушун жакшыртууга аракеттенүүдө. Ошол эле учурда, жумушсуздук, аймактар аралык теңсиздик жана социалдык инфраструктуранын жетишсиздиги сыяктуу көйгөйлөр дагы деле актуалдуу бойдон калууда.

Саясий жактан алганда, Марокко Конституциялык монархия болуп саналат жана бул башкаруу формасы өлкөгө салыштырмалуу туруктуулукту камсыз кылууда. Падышанын, парламенттин жана саясий партиялардын ортосундагы тең салмактуу мамиле саясий системанын узак мөөнөттүү ишенимин камсыз кылууда маанилүү роль ойнойт. Бирок саясий чөйрөдө дагы демократиялык институттарды чыңдоо жана коррупцияга каршы күрөшүү муктаждыгы бар.

Экономикалык өнүгүүдө Марокко географиялык абалынын артыкчылыктарын пайдаланып, эл аралык интеграцияны кеңейтүүдө. Туризм, өнөр жай жана кызмат көрсөтүү тармактары өлкө экономикасынын негизги кыймылдаткычы болуп калды. Айрыкча туруктуу туризмди өнүктүрүү жана жашыл экономика концепцияларын ишке ашыруу Марокконун келечектеги стратегиялык багытына айланып баратат.

Марокконун мисалы көрсөткөндөй, туруктуу өнүгүү — бул бир күндө жетише турган максат эмес, ал үзгүлтүксүз реформалардын, коомдук диалогдун жана улуттук биримдиктин натыйжасы. Эгер өлкө ушул багытта ишин улантса, ал Африка континентиндеги эң өнүккөн мамлекеттердин бири болуу потенциалына ээ.

**Адабияттар:**


1. Пономаренко Л.В., Лукьянова Г.О., Чикризова О.С. Королевство Марокко - жемчужина арабского Запада - М.: 2013, Общество с ограниченной ответственностью Издательство Экон-Информ.
2. Пономаренко, Л. В. Королевство Марокко: Жемчужина Арабского Запада / Л. В. Пономаренко, Г. О. Лукьянова, О. С. Чикризова. — 2-е изд. — Москва : Аспект Пресс, 2020. — 240 с. — ISBN 978-5-7567-1072-4. — Текст : электронный // Цифровой образовательный ресурс IPR SMART : [сайт]. — URL: https://www.iprbookshop.ru/96307.html
3. Пономаренко Л.В., Чикризова О.С. Внешнеполитические приоритеты Королевства марокко-М.: 2014, Вестник РУДН, серия Всеобщая история, № 1
4. В.В. Куделев «Арабская весна»: Марокканский феномен. М.: 2017. Институт ближнего востока.
5. Степанова А. В., Политическое развитие Королевства Марокко при Мухаммаде VI (1999-2010 гг). Ganatleba. International Science-Pedagogical Journal of Georgian Technical University 2015 № 3 (14) С. 135–144
6. А.С.Солоницкий., "Социально-экономическое развитие современного Марокко" Энциклопедия: https://www.booksite.ru/fulltext/1/001/008/073/905.htm
7. Л.С. Васильева., История Востока- М.: 2003, Книга. “Высшая школа”

8. А. К. Кирсанов., Роль Королевства Марокко в горнодобывающей структуре Африканского региона. Монография – 2023, Фокусируется на экономической роли в Африке.

1. История Человечества Том III VII век до н.э. - VII век н.э., под редакцией Й. Харматты и Э. Цюрхера при участии Й. Харматты., Х. Литвака Кинга., Р.Лони., Т. Обенги., Р. Тхапар и Чжоу Иляна. Изд-ва в ОАО “Тверской полиграфический комбинат” Тверь-2003.